Бүтүрүүчү - 2018

# КТМУда 23 улуттун жаштары окуйт

**Кыргыз-Түрк "Манас" университети ачылып иштеп жаткан 23 жылдан бери, быйыл он жетинчи жолу бүтүрүүчүлөр уядан учту. Ага арналган салтанат студенттик вальс менен ачылып, бүтүрүүчүлөрдүн ант берүүсү, эки өлкөнүн гимни менен уланды. Бүгүнкү күндө университетте 546 мугалим эмгектенип жатат. Алардын арасында илимдин докторлорунан жана кандидаттарынан турган устаттар, жаштардын илим дүйнөсүнө сүңгүп киришине бардык күчүн жумшоодо. Андан тышкары, университетте 464 административдик эмгек жамааты жана 6000ден ашык студент окуп, учурда 12 мамлекеттен келген 23 улуттун өкүлдөрү татыктуу билим алып жатышат.**

Салтанаттын жүрүшүндө аталган университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы: "Кыргыз-Түрк "Манас" университети Борбордук Азиядагы эң алдыңкы университеттердин ичине кирет. Шүгүрчүлүк дейли, окутуу азыркы заманбап мүмкүнчүлүктөрдүн баары менен толукталган. Бизде материалдык-техникалык база жетиштүү деңгээлде. Мен бул ийгиликке жетүүбүз үчүн колдоп келе жаткан Түркия менен Кыргыз Өкмөтүнө чын дилимден рахматымды айтам. Кыргыз-Түрк "Манас" университети бир эле Кыргызстан үчүн эмес, жалпы кандаш түрк дүйнөсүнүн жаштары үчүн кызмат кыларынан шек санабайм", – деди.

Университеттин студенттеринин арасында ойлоп табуучулук жөндөмү бар, спортто, көркөм искусстводо таланттуулары да аз эмес экен.

Бүтүрүүчүлөрдүн майрамы атактуу ырчылардын концерти менен коштолуп, салюттар атылды.

**Назира АЛИЕВА**




## Управление культуры мэрии города Бишкек

### ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС на замещение вакантной административной муниципальной должности

**Общие квалификационные требования:**

- Гражданин Кыргызской Республики;
- Не имеющий судимость.

– знание Конституции Кыргызской Республики, Трудового кодекса Кыргызской Республики, законов Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», «О местном самоуправлении», «О порядке рассмотрения обращений граждан», «О культуре»,

– стаж государственной и/или муниципальной службы по совокупности не менее одного года либо стаж работы в соответствующей профессиональной сфере не менее 3 лет.

*Знания:*

– законов Кыргызской Республики «О государственном языке», «О культуре», «О статусе столицы», «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», «О местном самоуправлении».

**Для участия в конкурсе необходимо предоставить:**

– личное заявление, листок по учету кадров с фотографией, автобиографию (с указанием сведений о наличии либо отсутствии судимости), резюме;

– копия паспорта;

– документы, подтверждающие необходимое професси-